ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын (ве)

**№8 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

*7-май, 2021-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – факультеттин профессордук-окутуучулук курамы

**Каралуучу маселелер:**

1. Факультеттин сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндөгү окуу-усулдук иштердин абалы жана алдыдагы милдеттер (Баяндамачы: МИТ факультетинин деканынын сырттан жана дистанттык окуу бөлүмү боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент Эркебаев У. З.);
2. 2020-2022-окуу жылы үчүн тандоо курстарынын темаларын жана программаларын бекитүү (Баяндамачылар: кафедра башчылары, методикалык кеңештин жетекчиси, академиялык кеңешчилер);
3. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе**

**Угулду:**

Факультеттин сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндөгү окуу-усулдук иштердин жыйынтыгы боюнча декандын сырттан жана дистанттык окуу бөлүмү боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент У. Эркебаевдин билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

Биринчи маселе боюнча декандын сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүнүн орун басарынын маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т**

1. Сырттан жана дистанттык окуу бөлүмүнө өтүлүүчү дисциплиналардын базасын, окуу-усулдук иштерин, ОМКларын, видео сабактардын AVN МСна жайгашуусу көзөмөлгө алынсын (деканат,кафедра башчылары);

2. Сырттан жана дистанттык окуу бөлүмүндөгү окуган студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында студенттердин сабактарга катышуусу жана онлайн байланышы күчөтүлсүн (бүтүрүүчү кафедра башчылары жана кураторлор);

3. Сырттан жана дистанттык окуу бөлүмүндөгү окуган студенттерди ички жана сырткы мобилдүүлүккө тартуу эске алынсын (МИТФнин эл аралык байланыштар боюнча жооптуусу Шамшиева Г.А., кафедра башчылар, кураторлор);

4. AVN маалыматтык порталынын сырткары атайын сырттан окуу бөлүмү үчүн программалык каражаттар менен иш алып баруу, семинар-тренингдерде факультетин профессордук-окутуучуларды катыштырууну уюштуруу күчөтүлсүн (деканат, кафедра башчылары);

5. Сырттан жана дистанттык окуу бөлүмүндөгү окуу жүктөмүн тажрыйбалуу жана жаңы маалыматтык технологиялар менен тынымсыз иштеген компетенттүү окутуучуларга бөлүшүрүү эске алынсын (кафедра башчылары);

6. Сырттан жана дистанттык окуу бөлүмүндө окутуунун жаны технологияларын колдонуп, сабактарды (лекция, практика, семинар, лабараториялык жумуштар, өз алдынча иштер) уюштуруу күчөтүлсүн (кафедра башчылары);

7. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө декандын сырттан жана дистанттык окуу иштери боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент У.З. Эркебаевге жүктөлсүн.

**2-маселе**

2020-2022-окуу жылы үчүн тандоо курстарынын темаларын жана программаларын бекитүү боюнча декандын билдирүүсү угулду.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.